Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2023-жылдын II чейреги үчүн
**ОТЧЕТ**

**1. Нак акча жүгүртүү түзүмү**

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2023-жылдын II чейрегинде 98,6 пайызды түзүп, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 96,4 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы**
*(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-жылдын II чейреги | 2023-жылдын II чейреги | 2022-жылдын II чейреги | 2023-жылдын II чейреги | 2022-жылдын II чейреги | 2023-жылдын II чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **815 260,4** | **1 098 251,6** | **845 615,5** | **1 113 526,3** | **96,4** | **98,6** |
| Бишкек ш. | 439 802,9 | 581 039,5 | 451 249,2 | 578 384,5 | 97,5 | 100,5 |
| Ош ш. | 88 725,6 | 124 968,8 | 94 798,3 | 129 453,4 | 93,6 | 96,5 |
| Чүй облусту | 60 863,3 | 98 700,0 | 60 800,9 | 99 211,4 | 100,1 | 99,5 |
| Ысык-Көл облусту | 39 909,3 | 51 186,5 | 41 900,6 | 53 724,2 | 95,2 | 95,3 |
| Талас облусту | 17 422,8 | 23 580,1 | 19 001,3 | 25 447,0 | 91,7 | 92,7 |
| Нарын облусту | 19 149,0 | 22 340,4 | 20 576,5 | 24 346,3 | 93,1 | 91,8 |
| Ош облусту | 31 085,4 | 41 860,0 | 30 949,9 | 41 754,2 | 100,4 | 100,3 |
| Жалал-Абад облусту | 82 712,1 | 103 015,6 | 90 890,6 | 109 704,0 | 91,0 | 93,9 |
| Баткен облусту | 35 590,0 | 51 560,7 | 35 448,2 | 51 501,3 | 100,4 | 100,1 |


2022-жылдын II чейрегине салыштырганда 2023-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу Талас, Жалал-Абад облусту жана Ош, Бишкек шаары боюнча көбөйгөн:

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 1 098 251,6 млн сомду түзүү менен 2022-жылдын II чейрегине салыштырганда 34,7 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 368 349,0 млн сомду, көбөйүү 25,0 пайызды (2022-жылдын II чейрегинде – 294 510,1 млн сом) түзгөн;
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 41 626,4 млн сомду, көбөйүү 26,7 пайызды (2022-жылдын II чейрегинде – 32 864,7 млн сом) түзгөн;
- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 246 854,3 млн сом, көбөйүү 23,8 пайызды (2022-жылдын II чейрегинде – 199 379,8 млн сом) түзгөн;
- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 54 784,6 млн сомду, көбөйүү 7,0 пайызды (2022-жылдын II чейрегинде – 51 190,3 млн сом) түзгөн;


**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 99 835,2 млн сомду, көбөйүү 45,6 пайызды (2022-жылдын II чейрегинде – 68 563,6 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 105 999,6 млн сом, көбөйүү 111,4 пайызды (2022-жылдын II чейрегинде – 50 131,9 млн сом) түзгөн.

**2-график. 2022-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2023-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**





Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2023-жылдын II чейрегинде 1 113 526,3 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 31,7 пайызга көбөйгөн.

2023-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:


- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 374 545,3 млн сомду түзүп, 8,3 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде – 293 271,6 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 51 899,8 млн сомду түзүп, 30,3 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде – 39 837,6 млн сом);

**4-график. 2022-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2023-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




- банкоматтарды толуктоо – 317 561,1 млн сомду түзүп, 28,6 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде – 247 007,2 млн сом);

- локалдык акча которууларга төлөө – 41 316,7 млн сомду түзүп, 2,2 пайызга азайган (2022-жылдын II чейрегинде – 42 259,9 млн сом);

- товарларга төлөө – 9 354,8 млн сомду түзүп, 38,9 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде – 6 736,1 млн сом) чегинде катталган;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 127 708,6 млн сомду түзүп, 61,6 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде – 79 039,2 млн сом);

- эмгек акыны төлөө – 254 млн сомду түзүп, 75,2 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын II чейрегинде – 1 024,0 млн сом) чегинде катталган.

**2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2023-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 82 619,5 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 40,6 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилде ПКС аркылуу 2 342 024 төлөм жүргүзүлүп, 2022-жылдын II чейрегине салыштырганда алардын саны 22,1 пайызга көбөйгөн.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2023-жылдын II чейрегинде 3 053 801,3 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 37,6 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 249 075 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 44,7 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2022-ж. II чейреги | 1 917 543 | 58 763,2 | 172 080 | 2 219 750,1 | 2 089 623 | 2 278 513,3 |
| 2023-ж. II чейреги | 2 342 024 | 82 619,5 | 249 075 | 3 053 801,3 | 2 591 099 | 3 136 420,8 |

**2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.

2023-жылдын II чейрегинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 253,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,4 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 966,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,7 эсеге өскөн.

**3-таблица. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрүнүн көлөмү**

| Төлөмдөр | 2023-жылдын I чейреги | 2023-жылдын II чейреги | Жыл башынан тартып бардыгы |
|---|---|---|---|
| Кирген төлөмдөр (млрд сом) | 1 913,9 | 2 253,8 | **4 167,7** |
| Чыккан төлөмдөр (млрд сом) | 2 200,2 | 2 966,4 | **5 166,6** |

2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 4 167,7 млрд сомду түздү жана 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырмалуу 2,5 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 5 166,6 млрд сомду түзүп, 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырмалуу 2,7 эсеге өскөн.

**2.4. Акча которуулар**

2023-жылдын II чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 41,7 млрд сом суммасында 1 711,7 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 49,0 жана 39,8 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 11,8 млрд сом жалпы суммасында 161,9 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 57,2 жана 35,7 пайызга азайган.


2023-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 81,5 млрд сом суммасында 3 381,9 миң

транзакцияны түзүп, 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 36,2 жана 37,6 пайызга азайган.


Чыккан которуулардын саны 27,5 млрд сом суммасында 325,0 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 32,8 жана 28,9 пайызга кыскарган.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча алганда 2023-жылдын II чейреги ичинде кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген: кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 32,4 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 67,2 пайызы.

6-график. 2023-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)




7-график. 2023-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)




2023-жылдын II чейреги ичинде республиканын коммерциялык банктары Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык камсыз кылуу талаптарын сактоо менен иш алып барышкан.

Отчеттук чейрек ичинде жана 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төмөнкү төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган:

**- АКШ долларында акча которуулар**

2023-жылдын II чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 100,8 млн АКШ доллары суммасында 222,9 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 65,2 жана 43,5 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 98,6 млн АКШ доллары суммасында 95,9 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 36,0 жана 7,6 пайызга азайган.

2023-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде кирген которуулардын жалпы саны 194,3 млн АКШ доллары суммасында 432,9 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 59,7 жана 34,5 пайызга азайган. Ал эми чыккан которуулардын саны 240,8 млн АКШ долларында 185,0 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,0 жана 1,0 пайызга азайган.

**- евродо акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 6,5 млн евро жалпы суммасында 15,4 миң кирген которуулар ишке ашырылып, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 89,1 жана 42,8 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 0,3 млн евро жалпы суммасында 0,4 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 85,7 жана 20,0 пайызга азайган.

Биринчи жарым жылдын жыйынтыгы боюнча 12,2 млн евро суммасында 29,9 миң кирген которуулар ишке ашырылып, 2022-жылдын биринчи жарымына салыштырмалуу көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 82,3 жана 47,3 пайызга азайган.

Чыккан которуулардын саны 0,6 млн евро суммасында 0,8 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 82,9 жана 60,0 пайызга азайган.

**- орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 30 964,5 млн рубль суммасында 1 473,4 миң кирген которуу өткөрүлүп, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 15,6 жана 39,1 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 3 018,1 млн рубль суммасында 64,5 миң транзакция ишке ашырылган, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 70,7 жана 55,8 пайызга азайган.

Биринчи жарым жыл ичинде 2 919,0 миң кирген которуу жүргүзүлүп, анын суммасы 58 072,2 млн рублди түзгөн, бул көрсөткүчтөр 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 37,9 жана 9,9 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 5 771,7 млн рубль суммасында 136,7 миң транзакция өткөрүлүп, 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 61,3 жана 48,6 пайызга азайган.

**- казак теңгесинде акча которуулар**

2023-жылдын II чейрегинде чыккан которуулар 206,8 млн теңге жалпы суммасында 1,0 миң транзакцияны түзүү менен көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 23,8 жана 33,3 пайызга азайган. Казак теңгесинде кирген которуулар жүргүзүлгөн эмес.

2023-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде чыккан акча которуулар 429,2 млн теңге суммасына 2,3 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда которуулардын саны 4,2 пайызга азайган, ал эми көлөмү 5,4 пайызга көбөйгөн. 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде казак теңгеси түрүндө кирген акча которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**4-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2022-ж. II ч. | | 2023-ж. II ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 58,4 | 1825,7 | 58,3 | 2068,7 |
| | Чыккан | 10,4 | 748,2 | 9,0 | 791,8 |
| Contact | Кирген | 93,1 | 5758,9 | 51,2 | 1366,3 |
| | Чыккан | 18,4 | 1924,5 | 38,0 | 1905,9 |
| Money Gram | Кирген | 33,7 | 1543,3 | 40,1 | 1783,6 |
| | Чыккан | 2,2 | 224,0 | 2,5 | 455,6 |
| Юнистрим | Кирген | 49,8 | 2198,6 | 460,5 | 12153,7 |
| | Чыккан | 1,6 | 418,2 | 3,0 | 586,0 |
| Золотая Корона | Кирген | 2590,7 | 64771,0 | 545,8 | 15843,7 |
| | Чыккан | 216,9 | 23099,1 | 104,4 | 7218,4 |
| RIA | Кирген | 13,4 | 4672,0 | 17,7 | 715,3 |
| | Чыккан | 0,4 | 220,0 | 0,7 | 39,1 |
| UPT | Кирген | 2,2 | 1011,9 | 9,6 | 349,2 |
| | Чыккан | 1,9 | 936,4 | 4,3 | 826,5 |
| Astrasend | Кирген | - | - | 528,6 | 7443,2 |
| | Чыккан | - | - | 0,01 | 0,001 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | 2841,4 | 81781,4 | 1711,7 | 41723,6 |
| | **Чыккан** | 251,7 | 27570,4 | 161,9 | 11823,2 |

### 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2023-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «ЭЛКАРТ» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарынын эмиссиясы жана

эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, ал эми эл аралык төлөм системасы боюнча – 14 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 6 102,7 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карталардын саны 41,5 пайызга, ал эми 2023-жылдын башталышына салыштырмалуу 16,6 пайызга өскөн.

Төлөм карталарын түрлөргө бөлүштүргөндө төмөнкүнү түзгөн:


| | |
|---|---|
| **- «ЭЛКАРТ» улуттук системасы** | **3 247 767 (53,2%):** |
| - «ЭЛКАРТ» | 3 242 619 (53,13%); |
| - «ЭЛКАРТ-UPI» | 5 148 (0,1%). |
| **- эл аралык системалар** | **2 854 911 (46,8%):** |
| - VISA | 2 682 465 (43,96%); |
| - Mastercard | 51 794 (0,85%); |
| - Золотая Корона | 94 263 (1,5%); |
| - Union Pay International | 26 389 (0,43%). |

**5-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**


| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт - UPI | UPI | Visa | Master card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 944 915 | 2 144 | 23 238 | 1 916 950 | 29 785 | 24 827 | 2 941 859 | 48,2 |
| Чүй областы | 298 182 | 1 001 | 784 | 143 699 | 6 360 | 14 239 | 464 265 | 7,6 |
| Ысык-Көл областы | 260 088 | 70 | 853 | 90 554 | 2 191 | 6 020 | 359 776 | 5,9 |
| Нарын областы | 168 087 | 375 | 32 | 25 009 | 1 361 | 6 899 | 201 763 | 3,3 |
| Талас областы | 120 152 | 135 | 402 | 43 540 | 1 846 | 4 496 | 170 571 | 2,8 |
| Жалал-Абад областы | 555 909 | 810 | 494 | 173 850 | 4 144 | 16 596 | 751 803 | 12,3 |
| Ош областы | 614 674 | 583 | 518 | 231 675 | 4 663 | 12 647 | 864 760 | 14,2 |
| Баткен областы | 280 612 | 30 | 68 | 57 188 | 1 444 | 8 539 | 347 881 | 5,7 |
| **Жыйынтыгында** | **3 242 619** | **5 148** | **26 389** | **2 682 465** | **51 794** | **94 263** | **6 102 678** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. топтолгон эң жогорку көрсөткүчкө ээ, демек, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да кыйла өнүккөн. Алсак, 2023-жылдын II чейрегинин ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш 48,2 пайызды түзүү менен Бишкек шаарына туура келген. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 2,8 пайыз чегинде катталган.

**8-график. 2023-ж. 30-июнуна карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**9-график. 2023-ж. II чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)**




2023-жылдын II чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүү системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 76,2 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 66,4 пайызды түзгөн, 2023-жылдын башынан бери көрсөткүч 23,3 пайызга өстү.

**2) Банктык төлөм карталар эквайринги**

2023-жылдын II чейрегинин акырына карата банктык төлөм карталары, анын ичинде ЭЛКАРТ улуттук төлөм картасы республика боюнча орнотулган 2 146 банкоматта жана 17 618 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган.

2 146 банкоматтын ар биринде «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) бар, 11 банкоматта – аудио (үн) менен коштоо (операцияларды үн менен коштоо) функциясы каралган, 1 065 банкомат үчүн пандус орнотулган, 761 банкомат үчүн пандус орнотуу зарылдыгы жок, 320 жабдуу үчүн пандус орнотулган эмес. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 10 пайызга же 195 банкоматка, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери - 5,1 пайызга же 105 банкоматка өскөн.

POS-терминалдардын жалпы саны 17 618 бирдикти түзөт, алардын ичинен 13 854 POS-терминалдарда «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) бар, ошондой эле 14 882 даана банкоматта – байланышсыз төлөө функциясы каралган. Өткөн жылга салыштырганда POS-терминалдардын саны 17,4 пайызга же 2 613 POS-терминалга, ал эми 2023-жылдын башталышынан тартып 8,4 пайызга же 1 366 POS-терминалга көбөйдү.

2023-жылдын 30-июнуна карата төлөм терминалдарынын саны 2 540 бирдикти түзөт, алардын ичинен 904 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы бар, 1 636 - аудио (үн) менен коштоо функциясы жок, 1 130 төлөм терминалында пандус бар, 936 төлөм терминалында пандус жок. Төлөм терминалдарынын саны 2022-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 13,1 пайызга же 294 бирдикке өскөн, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери 7,8 пайызга же 184 бирдикке көбөйгөн.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 795 банкомат жана 7 753 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 257 банкомат жана 1 847 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 438 банкомат жана 4 097 POS-терминал.

**6-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 795 | 9 872 | 776 | 710 |
| Чүй областы | 218 | 1 527 | 238 | 245 |
| Ысык-Көл областы | 209 | 1 204 | 237 | 311 |
| Нарын областы | 87 | 267 | 146 | 119 |
| Талас областы | 85 | 280 | 94 | 144 |
| Жалал-Абад областы | 284 | 648 | 342 | 357 |
| Ош областы | 347 | 1 105 | 457 | 479 |
| Баткен областы | 121 | 260 | 165 | 175 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 146** | **15 163** | **2 455** | **2 540** |

**3) Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

2023-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча карталарды колдонуу менен 203,0 млрд сом жалпы суммасында 53,6 млн транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 68,9 жана 74 пайызга көбөйгөн, 2023-жылдын башталышынан тартып эсептегенде 19,3 жана 35,4 пайызга өскөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 163,1 млрд сом жалпы суммасында 24,9 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул

эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 44,0 пайызга, ал эми көлөмү 58,0 пайызга көбөйгөн, 2023-жылдын башынан бери көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 16,4 жана 18,7 пайызга өстү;


- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 28,7 млн транзакцияны түзүү менен жалпы 39,9 млрд сом суммасын түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 2,1 эсеге, ал эми көлөмү 2,4 эсеге өскөн, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери бүтүмдөрдүн саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 57,7 жана 21,6 пайызга өскөн.

**2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү**

2023-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 20 банк (23[1] банктын ичинен) жана 5 төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары системалар аралык интеграцияны камсыз кылууда жана QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү боюнча кызматтарды сунуштоодо.

Системалар аралык интеграциянын алкагында 2023-жылдын 1-апрелине карата банктар жана төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын региондорунда да 12 874 QR-код орнотулган.

**10-график. 2023-ж. 1-июлуна карата QR-коддордун аймактык өнүгүүсү**




2023-жылдын II чейрегинде өз ара иш алып баруу оператору системасы аркылуу 396,7 млн сом суммасына 264 948 төлөм өткөрүлгөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн 8 728 төлөм 12,9 млн сом суммасын түзгөн.

**7-таблица. Өз ара иш алып баруу оператору системасы аркылуу 2023-жылдын I жарым жылдыгы ичинде жүргүзүлгөн операциялар**

| **Көрсөткүчтөр** | **2023-ж. I чейреги** | **2023-ж. II чейреги** | **2023-жылдын 1-жарымынын жыйынтыгы боюнча** |
|---|---|---|---|
| Саны | 42 561 | 264 948 | 307 509 |
| көлөмү, млн сом | 91,28 | 396,7 | 487,9 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн саны | 4 611 | 8 728 | 13 339 |

[1] Үч банк «ЭЛКАРТ» төлөм системасынын мүчөлөрү эмес

| Мамлекеттик төлөмдөрдүн көлөмү, млн сом | 8,6 | 12,9 | 21,5 |
|---|---|---|---|

2023-жылдын II чейрегинде банктар, төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

**8-таблица. QR-коддорду колдонуу менен которуулар**

| Которуулар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучунун категориясы | Өз системасында | | Системалар аралык | | | |
| | | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Коммерциялык банктар | 289 294 | 2 71 647 046,2 | 26 139 | 141 958 527 | 13 276 | 77 023 449,6 |
| Төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары | 30 | 2 247,61 | - | - | 6 257 | 6 894 833,69 |

9-**таблица. QR-коддорду колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө**

| Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучунун категориясы | Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына (чыг.) | | Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр | | Системалар аралык төлөмдөр | | | |
| | | | | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Коммерциялык банктар | 13 959 | 27 529 152,7 | 8 631 | 12 762 441,2 | 46 383 | 83 236 209,3 | 216 851 | 249 389 991 |
| Төлөм системасынын операторлору / төлөм уюмдары | 388 779 | 284 644 017 | 0 | 0 | 172 817 | 119 268 311 | 7 662 | 7 579 720,3 |

## 2.7. Электрондук акча

2023-жылдын II чейрегинин акырына карата алты коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча сегиз локалдык система иш алып барган.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 5,8 млн капчыкты түзүү менен 2,6 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 14,0 пайызга жогорулаган), алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2,2 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,8 пайызы) түзгөн.



2022-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 24,6 пайызга көбөйүп, 6,1 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 2,2 млн операцияны түзүү менен 48,8 пайызга көбөйгөн;




- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 41,0 пайызга көбөйүп, 5,6 млрд сомду түзгөн, ошондой эле операциялардын саны 32,6 пайызга көбөйүп, 1,3 млн операцияны түзгөн;

- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 33,7 пайызга көбөйүп, 6,7 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 23,3 пайызга көбөйүп, 4,5 млн операция чегинде катталган;

- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 24,0 пайызга жана 9,2 пайызга жогорулап, 8,2 млрд сомго 2,7 млн операцияны түзгөн.

2022-жылдын I жарым жылдыгы жана 2023-жылдын I жарым жылдыгы үчүн маалыматтарды салыштыруу төмөндө келтирилген:

**10-таблица. Электрондук капчыктардын саны боюнча салыштырма таблица**

| Электрондук капчыктардын саны (млн) | 2022-ж. I чейреги | 2022-ж. I жарым жылдыгынын акырына карата | 2023-ж. I чейреги | 2023-ж. I жарым жылдыгынын акырына карата | 2023-жылдын I жарым жылдыгынын 2022-жылдын I жарым жылдыгына салыштырмалуу өсүш, % түрүндө |
|---|---|---|---|---|---|
| Электрондук капчыктардын жалпы саны | 4,8 | 5,6 | 5,6 | 5,8 | 14,0 |
| Идентификацияланган электрондук капчыктар | 1,5 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 30,7%) | 1,6 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 31,9%) | 2,1 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,6%) | 2,2 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,8%) | 34,8 |

**11-таблица. Электрондук капчыктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча салыштырма таблица**

| Операциялардын аталышы | | 2022-ж. II чейреги | 2022-ж. I жарым жылдыгы | 2023-ж. I чейреги | 2023-ж. II чейреги | 2023-ж. I жарым жылдыгы | 2023-жылдын I жарым жылдыгынын 2022-жылдын I жарым жылдыгына салыштырмалуу өсүш, % түрүндө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Которуулар | саны (млн) | 1,5 | 2,9 | 2,0 | 2,2 | 4,2 | 46,0 |
| | көлөмү (млрд) | 4,9 | 8,9 | 5,7 | 6,1 | 11,8 | 32,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Электрондук акчанын ордун жабуу | саны (млн) | 1,0 | 2,8 | 0,5 | 1,3 | 1,8 | -34,9 |
| | көлөмү (млрд) | 4,0 | 11,1 | 3,0 | 5,6 | 8,6 | -22,9 |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | саны (млн) | 3,7 | 7,1 | 4,3 | 4,5 | 8,8 | 24,4 |
| | көлөмү (млрд) | 5,0 | 9,0 | 6,2 | 6,7 | 12,9 | 44,0 |
| Электрондук капчыкты толтуруу аркылуу электрондук акчаларды таратуу | саны (млн) | 2,2 | 4,3 | 2,5 | 2,7 | 5,2 | 22,6 |
| | көлөмү (млрд) | 7,5 | 17,2 | 7,8 | 8,2 | 15,9 | -7,4 |

### 2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2023-жылдын 30-июнуна карата 25 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен: 24 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 25 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2023-жылдын II чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 87,7 млрд сом суммасына 58,7 млн транзакция өткөрүлгөн. 2022-жылдын II чейрегине салыштырмалуу төлөмдөрдүн жалпы саны 14,6 млн транзакцияга, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 46,6 млрд сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү финансы-кредит уюмдардын кызматтары үчүн (электрондук капчыктарды толуктоодон тышкары) төлөмдөргө туура келген – бул жалпы 57,7 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 65,8 пайызы) 13,8 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 23,4 пайызы) түзгөн. Алардын ичинен:

- банк эсептерин толуктоо боюнча 24,6 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 28,1 пайызы) 5,9 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 10,0 пайызы) өткөрүлгөн;
- финансы-кредит уюмдардын кредиттерин төлөө боюнча 3,8 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 4,3 пайызы) 0,8 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 1,4 пайызы) өткөрүлгөн;
- башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына 29,3 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 33,4 пайызы) 7,1 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 12,1 пайызы) өткөрүлгөн.


Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү 11,6 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 13,2 пайызы) 29,0 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 49,5 пайызы) өткөрүлгөн.

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр) 2,6 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,0 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 3,6 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,2 пайызы) түзгөн.


Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 7,7 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 8,8 пайызы), саны 3,4 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,7 пайызы) түзгөн.

**12-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 29 027 323 | 49,46 | 11 566 608,12 | 13,19 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 28 184 | 0,05 | 8 457,73 | 0,01 |
| 3 | Интернет | 669 294 | 1,14 | 583 227,16 | 0,67 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 3 246 515 | 5,53 | 2 198 940,69 | 2,51 |
| 5 | Салык жыйымдары | 10 376 | 0,02 | 20 872,05 | 0,02 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 228 961 | 0,39 | 275 443,50 | 0,31 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 127 836 | 0,22 | 125 694,05 | 0,14 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 5 865 214 | 9,99 | 24 608 137,99 | 28,06 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 809 067 | 1,38 | 3 754 257,67 | 4,28 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 7 084 604 | 12,07 | 29 306 249,61 | 33,42 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 3 371 956 | 5,75 | 7 740 990,37 | 8,83 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 188 580 | 0,32 | 325 346,22 | 0,37 |
| 13 | Социалдык тармактар | 165 030 | 0,28 | 74 703,18 | 0,09 |
| 14 | Интернет оюндары | 22 098 | 0,04 | 10 196,15 | 0,01 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 1 756 | 0,00 | 2 987,60 | 0,00 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 3 809 421 | 6,49 | 617 531,30 | 0,70 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 91 547 | 0,16 | 41 988,28 | 0,05 |
| 18 | Кулактандыруулар | 39 369 | 0,07 | 24 020,46 | 0,03 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 001 | 0,00 | 602,74 | 0,00 |
| 20 | Билим берүү | 71 345 | 0,12 | 228 862,96 | 0,26 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 8 024 | 0,01 | 40 249,43 | 0,05 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 3 816 367 | 6,50 | 6 127 541,66 | 6,99 |
| **2023-жылдын II чейрегинин жыйынтыгында** | | **58 684 869** | **100,00** | **87 682 911,56** | **100,00** |



**13-график Төлөмдөрдүн саны, %**



**14-график Төлөмдөрдүн көлөмү, %**

Төлөм уюмдары тарабынан 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн санынын жана көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясы ушул отчетко карата 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2023-жылдын II чейрегинин акырына карата төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,15 эсе көбөйүп, 11 994 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Алар аркылуу төлөм уюмдары товарларды/кызматтарды сунуштоочулар өз кардарларына (абоненттерине) мурда салынган авансытык каражаттарды/алдын ала төлөнгөн каражаттарды же алардын бөлүктөрүн кайтарып берүүнүн эсебинен төлөмдөрдү кабыл алууну жана өткөрүүнү жүзөгө ашырган, катталган агенттердин мобилдик тиркемелеринин саны (мындан ары – мобилдик тиркемелер) отчеттук мезгилдин акырына карата 5 124 708 мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2022-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 83,51 пайызга жогору), алардын ичинен идентификациялоо жана верификациялоодон өткөндөрдүн саны 1 567 579 колдонуучу/мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2022-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 124,79 пайызга жогору).

**2.9. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттерди төлөө, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан нак акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2023-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 123 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 19 агентке же 18,2 пайызга көбөйгөн, 2023-жылдын башынан бери агенттердин саны өзгөргөн жок. Бир нече банк тарабынан 89 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;
- 2 923 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин саны 906 агентке же 45 пайызга көбөйгөн, ал эми 2023-жылдын башынан бери алардын саны 148 агентке же 5,3 пайызга өстү.

**3. Методологиялык иш**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында төмөнкү токтомдорду кабыл алган:

1. 2023-жылдын 11-майында «Кыргыз Республикасында «Накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө» жобого жана «Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобого чет өлкө валютасында төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартибин аныктоо бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына чет өлкө валютасында эсептешүүлөрдү жана төлөмдөрдү жүргүзүү маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № 2023-П-14/31-1-(ПС) токтом бекитилген.
2. 2023-жылдын 12-апрелинде акча которуулардын локалдык системаларынын операторлорун каттоодон чыгаруу талаптарын белгилөө максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № 2023-П-14/23-4-(ПС) токтому бекитилген.
3. 2023-жылдын 24-майында Улуттук банк Башкармасынын № 2023-П-14/34-4-(ПС) «Кыргыз Республикасында тез төлөмдөр системасын өнүктүрүү концепциясын бекитүү жөнүндө» токтому кабыл алынган.
4. 2023-жылдын 24-майында Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-

П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүүштрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» № 2023-П-14/34-3-(ПС) токтому кабыл алынган. Бул токтомго ылайык коммерциялык банктарга, төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына республиканын соода-тейлөө ишканаларында накталай эмес түрдө төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу үчүн улуттук стандарттагы QR-коддордун санын жана сапатын жума сайын арттыруу сунушталган.

Төмөнкү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору коомдук талкууга чыгарылды:

1. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомунун долбоору;

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «2023-2027-жылдарга накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө» токтомунун долбоору.

3. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган № 637 «Кыргыз Республикасынын аймагында санариптик документтерди пайдаланууну киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору.

4. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин» бекитүү тууралуу» токтомунун айрым ченемдерин убактылуу токтотуу жөнүндө» токтом долбоору.

5. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору.

*Эскертүү: Коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары корректировкаларды киргизгендигине жараша жогоруда келтирилген маалыматтар өзгөрүшү мүмкүн.*

1-тиркеме. Төлөм уюмдары 2023-жылдын жана 2022-жылдын I жарым жылдыгында жүргүзгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. I жарым жылдыгы | | 2022-ж. I жарым жылдыгы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 59 273 306 | 23 117 061,68 | 57 079 299 | 15 811 116,78 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 57 893 | 17 541,19 | 91 551 | 23 725,10 |
| 3 | Интернет | 1 346 635 | 1 180 705,97 | 1 167 500 | 1 021 178,50 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 6 530 183 | 5 779 440,74 | 5 377 187 | 4 061 618,93 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 19 167 | 39 186,40 | 19 041 | 33 969,17 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 327 074 | 351 130,56 | 112 379 | 78 637,41 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 235 452 | 217 673,95 | 217 149 | 162 555,83 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 10 139 148 | 42 149 936,73 | 5 051 217 | 18 069 103,11 |
| 9 | ФКУлардан кредиттери үчүн төлөм | 1 575 885 | 7 087 871,05 | 940 076 | 3 520 640,28 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 12 648 035 | 50 559 443,75 | 3 196 690 | 12 551 617,19 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 6 454 545 | 14 462 912,18 | 5 694 048 | 11 464 863,70 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 365 172 | 639 008,85 | 261 244 | 453 770,71 |
| 13 | Социалдык тармактар | 251 927 | 112 897,46 | 5 126 | 1 212,96 |
| 14 | Интернет оюндары | 33 109 | 15 208,27 | 35 580 | 14 368,08 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 3 926 | 7 032,11 | 211 323 | 202 059,71 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 7 209 129 | 1 106 335,34 | 3 144 712 | 395 756,63 |
| 17 | Жарнак кызматтары | 171 695 | 78 225,11 | 133 374 | 53 419,80 |
| 18 | Жарыялар | 74 885 | 45 292,82 | 77 218 | 45 611,23 |
| 19 | Кайрымдуулук | 5 163 | 2 129,47 | 4 065 | 793,76 |
| 20 | Билим берүү | 140 876 | 423 934,13 | 77 411 | 211 886,50 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 14 922 | 68 910,17 | 11 887 | 61 070,45 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 7 094 645 | 11 368 334,92 | 2 679 612 | 5 362 233,87 |
| **Жыйынтыгында** | | **113 972 773** | **158 830 215,47** | **85 587 689** | **73 601 209,72** |

2-тиркеме. Төлөм уюмдары 2023-жылдын жана 2022-жылдын II чейреги ичинде жүргүзгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. II чейреги | | 2022-ж. II чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 29 027 323 | 11 566 608,12 | 28 886 998 | 8 389 996,78 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 28 184 | 8 457,73 | 39 079 | 9 536,63 |
| 3 | Интернет | 669 294 | 583 227,16 | 591 617 | 517 466,84 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 3 246 515 | 2 198 940,69 | 2 687 684 | 1 625 877,17 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 10 376 | 20 872,05 | 10 723 | 20 183,17 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 228 961 | 275 443,50 | 67 473 | 46 029,46 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 127 836 | 125 694,05 | 109 313 | 89 747,77 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 5 865 214 | 24 608 137,99 | 2 913 474 | 10 975 103,19 |
| 9 | ФКУлардан кредиттер үчүн төлөм | 809 067 | 3 754 257,67 | 501 384 | 1 892 128,81 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 7 084 604 | 29 306 249,61 | 1 770 843 | 7 221 305,52 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 3 371 956 | 7 740 990,37 | 3 057 078 | 6 485 869,85 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 188 580 | 325 346,22 | 154 789 | 254 351,41 |
| 13 | Социалдык тармактар | 165 030 | 74 703,18 | 2 562 | 644,15 |
| 14 | Интернет оюндары | 22 098 | 10 196,15 | 19 476 | 7 640,98 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 1 756 | 2 987,60 | 96 346 | 93 346,49 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 3 809 421 | 617 531,30 | 1 604 690 | 214 177,43 |
| 17 | Жарнак кызматтары | 91 547 | 41 988,28 | 71 341 | 28 800,58 |
| 18 | Жарыялар | 39 369 | 24 020,46 | 40 776 | 24 574,87 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 001 | 602,74 | 2 811 | 648,09 |
| 20 | Билим берүү | 71 345 | 228 862,96 | 45 099 | 130 155,88 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 8 024 | 40 249,43 | 5 904 | 31 988,91 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 3 816 367 | 6 127 541,66 | 1 445 736 | 2 991 137,28 |
| **Жыйынтыгында** | | **58 684 869** | **87 682 911,56** | **44 125 196** | **41 050 711,27** |